КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

28.03.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезексиз XXVIII -сессиясынын**
**№ 1 –ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарына караштуу Беш-Бадам айылынын Аткол участкасынан энергиянын кайра жаралуучу булагы катары кубаттуулугу 200,0 МВА болгон күн энергетикалык станциясын куруу үчүн 148,83 гектар кайраки айдоо жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” жерлер категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка жерлер” категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18-беренесинин 2-пунктун, 25-беренесинин 1-пунктун, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктун, 39-беренесинин 1-пунктун, Кыргыз Республикасынын “Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө” мыйзамынын 9-беренесинин 5,9-пункттарын, Кыргыз Республикасынын 15,07.2013-жылдагы “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” №145 Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 23.03.2023-жылдагы “Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу үчүн багытталган жерлерди берүү маселелери жөнүндө” №62 жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.03.2014-жылдагы “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө убактылуу Жобону бекитүү тууралуу” №169 токтомун жетекчиликке алып, Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун 06.03.2024-жылкы чыгыш №01-17/343 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXVIII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарына караштуу Беш-Бадам айылынын Аткол участкасынан энергиянын кайра жаралуучу булагы катары кубаттуулугу 200,0МВА болгон күн энергетикалык станциясын куруу үчүн 148,83 га кайраки айдоо жер аянтын анын ичинен: №534 контурдагы 1,18 га, №655

контурдагы 8,56 га, №656 контурдагы 9,76 га, №660 контурдагы 1,48 га, №661 контурдагы 6,93 га, №666 контурдагы 32,95 га, №667 контурдагы 8,06 га, №669 контурдагы 1,40 га, №670 контурдагы 12,56 га, №671 контурдагы 0,55 га, №672 контурдагы 1,10 га, №674 контурдагы 0,85 га, №675 контурдагы 14,70 га, №677 контурдагы 2,56 га, №678 контурдагы 1,05 га, №679 контурдагы 1,77 га, №680 контурдагы 4,42 га, №684 контурдагы 29,0 га, №685 контурдагы 0,95 га, №687 контурдагы 1,80 га, №688 контурдагы 4,29 га, №689 контурдагы 2,13 га, №690 контурдагы 0,78 га жер аянтын жайгаштыруунун башка жолдору (варианты) болбогондугуна байланыштуу "Айыл чарба багытындагы жерлери" жерлер категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка жерлер" категориясына мыйзам чегинде которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Базар-Коргон шаарына караштуу Беш-Бадам айылынын Аткол участкасынан энергиянын кайра жаралуучу булагы катары кубаттуулугу 200,0МВА болгон күн энергетикалык станциясын куруу үчүн 148,83 га кайракы айдоо жер аянтын "Айыл чарба багытындагы жерлери" жерлер категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү боюнча кабыл алынган токтомдун негизинде райондук комиссия менен биргеликте иш алып баруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновко милдеттендирилсин.

3. Базар-Коргон шаарынын мэриясы "Айыл чарба багытындагы жерлери" жерлер категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого) кетип жаткан 148,83 га кайракы айдоо жер аянтын көп жылдык мөөнөткө Жашыл энергетика фондуна пайдаланууга берүүдө инвесторлор тарабынан пайдалануу эрежелерин бузган учурда Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте ижарачылар менен тиешелүү ижара келишимдерин бузууну, ошондой эле тиешелүү жерлерди алып коюуну камсыз кылсын.

4. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Мирзахмедовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К.Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон, ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

28.03.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXVIII-сессиясынын**
**№ 2-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын борборунда жайгашкан Үсөн Сыдыков атындагы эс алуу багынын максаттуу багыты жашылдандыруу болгондуктан жеңил типтеги курулуштарды курууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 2-июнундагы №45 "Жер кодекс"нин 78-беренесинин 4-пункту, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 27-беренесин, 45-беренесин, 34-беренелерин аткарууга алып, Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун 23.01.2024-жылкы чыгыш №01-17/75 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXVIII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарына караштуу Үсөн Сыдыков атындагы эс алуу багынын максаттуу багыты жашылдандыруу болгондуктан жеңил типтеги (балдар ойноочу жай, жасалма көлмө, футбол аянтча, волейбол аянтча, кинотеатр, оюн-зоок паркы, унаа токтотуучу жай жана ажаткана) курулуштарын курууга Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 2-июнундагы №45 "Жер кодекс" жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн беренелерине ылайык, Базар-Коргон шаарынын башкы адиси – юристи, жетектөөчү адис – жер адиси, "Муниципалдык менчикти башкаруу" департаментинин башчысынын жана Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекеттик мекемелеринин корутундуларынын, уруксат иш-кагаздарынын, долбоорун даярдатып экспертизадан өткөрүп алып мыйзамдардын негизинде макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана Базар-Коргон шаар мэриясына караштуу "Муниципалдык менчикти башкаруу" департаментинин башчысы Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Мирзахмедовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53

28.03.2024-жыл — Базар-Коргон шаары

## Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXVIII-сессиясынын №3 -ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаар мэриясына караштуу №5 "Нур" мектепке чейинки билим берүү уюмун толук кандуу иштөөчү бала-бакча жана жаңы имаратка көчүрүп керектүү эмеректерин алып берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 27-беренесинин 1-пунктун, 29-беренесинин 6-пунктун, Кыргыз Республикасынын "Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө" мыйзамын аткарууга алып, 09.02.2024-жылкы чыгыш №01-17/194 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул маселелери, маданият, коомдук уюмдар, жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXVIII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын Совет айылындагы кыска мөөнөттүү "Нур" мектепке чейинки билим берүү уюмунун имаратынын эскилиги жетип, балдарга коопсуздукту жаратып жаткандагына байланыштуу Ленин көчөсүндөгү №5 турак жайга көчүрүп, толук мөөнөттө иштөөсүнө уруксат берилсин.
2. Мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча жаңы тайпа ачылгандыгына байланыштуу тамак-аш, көмүр-отун жана инвентарлар менен камсыз кылуу жагы Базар-Коргон шаар мэриясына жүктөлсүн.
3. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
4. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул маселелери, маданият, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А. Абдурахмановго милдеттендирилсин.

**Төрага** — **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

28.03.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезексиз XXVIII-сессиясынын**
**№4 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаар аймагында жайгашкан №1 “А.С.Макаренко”, №3 “Бабур”, №4 “Навои”, №30 “Ө.Атабекова”, №2 “А.Нышанбаев” орто мектептериндеги окуучулардын коопсуздугун камсыздоо максатында айгай баскычын туташтырууга 140 000 сом акча каражатын карап берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүу өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 27-беренесин, 29-беренесин жана 2023-жылдын 29-сентябрь күнү Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчысында болгон кеңешмесинин №09-11 сандуу “Жалпы билим берүүчү мектептерди жана жогорку окуу жайларынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча” протоколдук тапшырмасын аткарууга алып, Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXVIII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаар аймагында жайгашкан №1 “А.С.Макаренко”, №3 “Бабур”, №4 “Навои”, №30 “Ө.Атабекова”, №2 “А.Нышанбаев” орто мектептериндеги окуучулардын коопсуздугун камсыздоо максатында айгай баскычын туташтырууга 140 000 сом акча каражатын карап берүүгө уруксат берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн жетекчиси Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон, ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

28.03.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXVIII-сессиясынын**
**№ 5-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаардык кеңешинин штаттык бирдигин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы N52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомун аткарууга алып, Базар-Коргон шаардык кеңешининин төрагасы К.Анарбековдун 26.03.2024-жылкы чыгыш 01-17/19 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин «Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXVIII – сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаардык кеңешинин штаттык саны кыскартылгандыгына байланыштуу Базар-Коргон шаардык кеңешинин жаңы штаттык санын №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

Тиркеме №1

Базар-Коргон шаардык кеңешинин
I-чакырылышынын кезексиз
XXVIII-сессиясынын № 5-токтому
менен бекитилген

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин штаттык бирдиги**

| № | Кызматтардын аталышы | Штаттык бирдиктин саны |
|---|---|---|
| 1. | Төрага | 1 |
| 2. | Жооптуу катчы | 1 |
| 3. | ТТП | 1 |
| 4. | Катчы-иш кагаздарын жүргүзүүчү | 1 |
| | Баары | 4 |

Базар-Коргон шаардык кеңешинин жооптуу катчысы ________________

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев кѳч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон, ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

28.03.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXVIII-сессиясынын**
**№ 6-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын А.Текебаев көчөсүндө жайгашкан борбордук базардын жана айланасындагы соода түйүндөрүнө “Санитардык тазалоо күнүн” киргизип берүүгө макулдук жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 27-беренесин, 34-беренелерин аткарууга алып, Базар-Коргон шаарынын мэри Т.О.Осмоновдун 09.02.2024-жылкы чыгыш №01- 17/194 сандуу каттына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин «Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXVIII – сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын А.Текебаев көчөсүндө жайгашкан борбордук базардын жана айланасындагы соода түйүндөрүнө ар жуманын жума күнүн “Санитардык тазалоо күнү” катары киргизип берүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом райондук Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө бөлүмүнө маалымат катары берилсин.
4. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**